


# Эл биримдиги көп түрдүүлүктө

Кл. жет: Кадырбекова С. А.




толеранттуулук
кайрымдуулук,
айкөлдүүлүк
сабырдуулук
көп
түрдүүлүктөгү
шайкештик
айырмачылыктар
ына карабастан
бирин-бири
сыйлоосу

# САБАКТЫН ТЕМАСЫ: "ЭЛ БИРИМДИГИ КӨП ТҮРДҮҮЛҮКТӨ"

(Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 7-9 - класстары үчүн2022-2023-окуу жылынын 1-сентябрында өтүлүүчү сабактын болжолдуу үлгүсү)

## САБАКТЫН МАКСАТТАРЫ:

| **Максаттар:** | **Көрсөткүчтөр (индикаторлор)** |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар Кыргызстан – көп улуттуу мамлекет экендигин, андагы көп түрдүүлүктү сактоо, толеранттуулуктун деңгээлин жогорулатуу жана жарандык биримдикти күчөтүү жөнүндө маалымат алышат | **Окуучулар:**<br>- көп түрдүүлүк, толеранттуулук, жарандык биримдик деген түшүнүктөрдүн маанисин айтып бере алышса;<br>- текст боюнча берилген суроолорго жооп бере алышса; |
| **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар берилген маалыматтарды талдап, сынчыл ой жүгүртүү, баалоо көндүмдөрүнө ээ болушат | - тексттин негизги оюн аныктап, текстке ат кое алышса;<br>- тексттеги маалыматтарды колдонуп жана өз ойлорун кошумчалай алышса; |
| **Тарбия берүүчүлүк**: Окуучулар улуттар аралык ынтымак, биримдиктин, толеранттуулуктун маанилүүлүгүн билишет | -улуттар аралык ынтымак, биримдиктин, толеранттуулуктун маанилүүлүгүн айтып бере алышса;<br>- бири-бири менен маалымат алмашып, ой бөлүшүп, биргелешип талкуулай алышса. |

**Сабактын тиби:** жаңы теманы түшүндүрүү.

**Сабакта колдонулган методдор:** интерактивдүү окутуунун методдору, ыкмалары.

**Сабактын жабдылышы**: КРнын Мамлекеттик Гимни, таркатма материалдар (текст №1 тиркеме), флипчарт-ватман, маркер, слайддар ж.б.

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ

1. **Уюштуруу/ Мотивация** (5 мүнөт)

Саламатсыңарбы, балдар! 2022-2023-жаңы окуу жылыңардын башталышы менен куттуктайм! Сабагыбызды биз үчүн ыйык болгон Кыргыз Республикасынын Гимни менен баштайлы! (Гимн ырдалат).

Балдар, келгиле, биз, «Мен сыймыктанам…» деген теманын алкагында баарлашып көрөлү. Ар бирибиз «Мен сыймыктанам…» деп бирден сүйлөм айталы.

***Окуучулардын билимин актуалдаштыруу*** (5 мүнөт)

Анда эмесе, ырга көңүл бургула.

**Мен сыймыктанам**

Атабыз Манас эр менен,
Ак калпактуу тоо менен.
Ажайып кооз жер менен,

Суйкайган сулуу көл менен,
Баа жеткис каада-салт менен.
Сыймыктанып келебиз,
Көп улуттуу эл менен.

Бул ырдан эмнени байкадыңар? Бүгүнкү сабагыбыз эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар? Өзүңөр байкагандай, биздин бүгүнкү өтө турган сабагыбыз

**«"ЭЛ БИРИМДИГИ КӨП ТҮРДҮҮЛҮКТӨ"** деп аталат. Эл биримдиги, көп түрдүүлүк деген сөздөрдүн маанисин кандай түшүнөсүңөр? (Балдардын ойлорун угат). Биз бүгүн сабагыбызда Мекенибиздеги көп түрдүүлүктү сактоо, толеранттуулуктун деңгээлин жогорулатуу, жарандык биримдикти күчөтүү жана улуттук баалуулуктарды билебиз. Б.а. Кыргызстан – көп улуттуу мамлекет экендигин, улуттардын ынтымагынын, биримдигинин, толеранттуулугунун маанилүү экендиги жөнүндө сөз кылабыз.

**Жаңы теманы түшүндүрүү (10 мүнөт)**

Анда эмесе, көп түрдүүлүктүн аныктамасын карап көрөлү.

1. Көп түрдүүлүк – бул бизди окшош да, айырмалуу кыла турган белгилер. (окшоштук жана айырмачылык биздин жекечелигибиздин бир бөлүгү).
2. Адам катары биздин айырмачылыгыбызга караганда, окшоштуктарыбыз көп (окшош адамдардын ортосунда да айырмачылыктар бар).
3. Айырмачылыктар мааниге ээ.

Эми бул аныктаманы чечмелөө үчүн 1, 2, 3 деп санап 3 топко бөлүнөбүз. Доскага көңүл буралы. *Доскада улуттар жана сапаттар жазылып коюлган,* кайсы улутка кандай сапат тиешелүү экендигин талкуулап, жазып, топтон бирөө айтып берет.

**Улуттар**

1. Кыргыздар
2. Орустар
3. Немистер
4. Италиялыктар
5. Французлар
6. Японлор
7. Испандыктар
8. Казактар
9. Дунгандар

Сапаттар: так, пунктуалдуу, берешен, сулуу, тыкан, достукка бекем, ач көз, акылдуу, түнт, жагымдуу. 3 топ тапшырма боюнча ойлорун билдирет, мисалы, кыргыздар – берешен, немистер – так, пунктуалдуу, французлар – сулуу ж.б.

Балдар, ар бир улутка тиешелүү сапаттарды аныктап алдык. Эмне үчүн ар бир улутка ушул сапаттар гана тиешелүү деп ойлойсуңар? Ар бир улутта ушул сапаттардын бардыгы болушу мүмкүнбү? Албетте, мүмкүн. Ар бир улутта так, пунктуалдуу, берешен, сулуу, тыкан, достукка бекем, ач көз, акылдуу, түнт,

жагымдуу ж.б. сапаттагы адамдар бар. Демек, Кыргызстанда жашаган улуттар ар түрдүү, бирок адам катары окшоштугубуз көп, жалпылыгыбыз бар. Бул жерден көп түрдүүлүк жана идентүүлүк келип чыгат.

Мекенибиз – бүткүл кооздуктун, сулуулуктун жана көп улуттардын өлкөсү – Кыргызстан. Кыргыздардан башка орустар, өзбектер, тажиктер, дунгандар, украиндер, уйгурлар, немистер, корейлер, казактар, чечендер ж.б. улуттар жашашат. Биздин өлкө Кыргызстан элдеринин улуттарынын тең укуктуулугун, толеранттуулугун, маданиятын жогору коет. Кыргызстанда жашаган ар улуттун өкүлдөрүн улуттар арасындагы ынтымак бириктирет. Биз, кыргызстандыктар, ар түрдүү маданияттын, каада-салттардын жана көп тилдүүлүктүн көп түрдүүлүгү менен уникалдуу мамлекетпиз!

*Келгиле, анда, текст менен таанышып, тема коюп, негизги ойду аныктап көрөлү (топторго текст таратылып берилет, 15 мүнөт)*

Биздин ата-бабаларыбыздын жери – Ала-Тоо, кыргыз элинин бешиги. Кайда барбагын, ак мөңгүлүү Ала-Тоолорду көрөсүң. Шаркырап аккан көк кашка сууларга, карагайлуу токойлорго бай. Гүлгө оронгон жайлоолору сансыз малга толуп, жашыл өрөөнүндө түнкүсүн жылдыздан көп оттор жанган кыштак, шаарлар. Бул биздин Мекенибиз, бул биздин тарыхыбыз жана маданиятыбыз, улуттук баалуулуктарыбыз. Мамлекет үй-бүлөдөн куралган сымал, Ата Журт да ар бир адамдын туулуп-өскөн жеринен, башкача айтканда, кичи ата мекенинен түзүлөт. Кичи мекен – бул биз төрөлгөн, биздин ата-энелерибиз жашаган жана ата-бабаларыбыз жашап өткөн жер.

Биздин өлкө – уникалдуу. Буга анын географиялык жайгашуусу өбөлгө болуп турат: бул жерде коңшулаш жашаган көптөгөн улуттар менен элдердин маданияттары, үрп-адаттары жана салт-санаалары жөн эле туш келбестен, бири-бирине жуурулушуп, кошулуп турат. Азыр Кыргызстанда улуттук бөтөнчөлүктү, улуттук аң-сезимди, Кыргызстанда жашаган бардык этникалык топтордун татыктуу жашоосу үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Атап айтсак, Кыргыз-Америка, Кыргыз-Орус, Кыргыз-Өзбек, Кыргыз-Казак университтери, театрлары бар. Бул башка улуттарга болгон улуттардын өз тили, маданиятынын өнүгүсүүнө болгон камкордук.

Кыргызстанды 120 жакын ар улуттун өкүлдөрү мекендейт. Ар бир элдин тили, үрп-адаттары жана каада-салттары бар. Каада-салттар – бул коомдогу адамдардын жүрүм-турум эрежелери, алар кылымдар бою түптөлүп, муундан муунга өткөрүлүп келе жатат. Кыргызстанда жашаган бардык элдер үчүн эң негизги каада-салт – бул улууну урматтоо. Азыркы мезгилде меймандостук, улууну урматтоо, өз ара жардамдашуу Кыргызстанда жашаган бардык элдердин жагымдуу салтына айланган. Кыргызстандын баа жеткис байлыгын ажайып табиятынын кооздугу жана ынтымактуу, биримдиктүү, толеранттуу көп улуттуу эли түзөт.

*Ар бир топ текстке ат коюп, эмне үчүн андай ат койгондугун далилдеп беришет.*

Бышыктоо. Азаматсыңар, балдар. Тексттин темасын *«Кыргызстандын баа жеткис байлыгы- ажайып табияты жана көп улуттуу эли»* деп атайлы. Айтылган негизги ойлорду жыйынтыктай келсек, бүгүнкү күндө табиятыбызды, өзгөчө тоолорубузду, Кыргыз жараны катары жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү,

коомдо көп түрдүүлүктү сактоо жана толеранттуулукту жогорулатууга, улуттук нарктуулукту сактоого, өнүктүрүүгө президентибиз да өзгөчө көңүл буруп жаткандыгын төмөнкү жарлыктардан жана иш-аракеттерден көрсөк болот:

1. «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы» (2020-ж. 13-ноябрь).
2. «2022-жыл – Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы». (Кыргызстандын демилгеси боюнча БУУнун Башкы Ассамблеясынын 2021-жылдын 16-декабрындагы 76-сессиясынын резолюциясы).
3. «2022-2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө» (2022-ж. 20-май).


Аталган жарлыктарга кол коюлуп, аны ишке ашыруу максатында программалар иштелип чыгып, иш алып барылууда.

Демек, балдар, Кыргызстаныбыздын өнүгүшү үчүн ынтымак, биримдик, толеранттуулук, билимдүүлүк да чоң мааниге ээ.




Балдар, «Сабырдын түбү – сары алтын", "Таш менен урганды аш менен ур", "Оң колуңдун ачуусун, сол колуң менен бас" (кыргыз макалдары), "Токтоо болуп, орой сөздү оозго алба, Оройлуктан көңүлдөр муздайт кайра" (Жусуп Баласагын) деп айтылган улуу накыл сөздөр кластердеги кайсы сөздү чечмелеп турат. *(окуучулардын ойлорун угат).* "Толеранттуулук " деген сөздү мурда уктунар беле? Бул сөз эмнени түшүндүрөрүн билесиңерби? Эгерде бардык адамдар бири бирине окшош болсо жана эч бир айырмаланбаса, анда эмне болмок? Биздин түрдүү болгонубуз жакшыбы же жаманбы? *(окуучулардын жоопторун угуу керек)*.

Адамдар өздөрүнүн айырмалануучу белгилери менен бири-бирин толуктап турат. "... Толеранттуулук биздин дүйнөнүн маданиятынын бай көп түрдүүлүгүн сыйлоону, кабыл алууну жана туура түшүнүүнү билдирет. Толеранттуулук – бул адам укугун, ... демократияны жана укук тартибин ... бекемдөөгө өбөлгө түзүүчү милдет" (Толеранттулук принциптеринин декларациясы. ЮНЕСКО. 1995-ж. 16-ноябрь 5.61. резолюциясы). Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн тургундары Толеранттуулуктун эл аралык күнүн же Чыдамдуулук күнүн белгилешет.




Толеранттуулук: билимге, ачыктыкка, баарлашууга жана ойлордун эркиндигине, адамгерчиликке, ишенимдерге, тынчтыкка жана ынтымакка өбөлгө түзөт. Толеранттуулуктун негизги максаты – башкалардын пикирине, ишенимине, жүрүм-турумуна, маданиятына, саясий коз карашына, улутуна түшүнүү менен мамиле жасоо, чыдамдуулук көрсөтүү, башка адамдарды сыйлоо жана түшүнүү.

**Мугалим:** Кымбаттуу балдар! Толеранттуу инсан, толеранттуу үй-бүлө кандай сапаттарга ээ болуш керек? **Окуучулар менен бирдикте:**

- чыдамкай жана сабырдуу;
- башкалардын пикирлери жана кызыкчылыктары менен эсептеше билген;
- чыр-чатакты ишендирүү жана өз ара түшүнүү жолу менен чече билген;
- камкор, сылык жана сыпаа;
- айлана-чөйрөсүндөгүлөрдү сыйлаган жана алар аны сыйлаган адам;
- өзүнүн жана башкалардын укуктарын сыйлаган, башкаларды уга билген;
- камкор, башкалардын кубаныч-кайгысына ортоктош, колдоочу;
- өз мектебинин, шаарынын, Кыргызстандын патриоту, анын гүлдөп-өсүшүнө камкордук көргөн;
- жаратылышты жана маданиятты сактаган;
- эмгекчил, көз карандысыз, бактылуу, өз алдынча адам.

**Кайтарым байланыш** (3 мүнөт)

- Бул сабактан кандай жаңы маалымат алдыңар?
- Кайсы маалымат силер үчүн өтө маанилүү болду?
- Көп улуттуу өлкөдө кандай сапаттарга ээ болушубуз керек?
- Кыргыз жараны кандай болуш керек?

**Жыйынтыктоо** (3 мүнөт)

**Демек, толеранттуу инсан, толеранттуу үй-бүлө Толеранттуу өлкөнү түзөт.** *Кыргыз элинин улуттук баалуулуктарын, байлыктарын, кайталангыс өзгөчөлүктөрүн, мамлекетибиздин улуулугун даңктайлы, изилдейли, муунга берели, унутпайлы! Ар бир Кыргызстанда жашаган көп улуттуу элибиз, мекендештерибиз журтубуздун алдында кызмат өтөйлү!*

Үйгө тапшырма:

Биз элбиз! - Эң байыркы кыргыз деген,
Бийик тоо! - Асман астын мекендеген.
Бир жашап, мейкин талаа, жер-суу менен,
Биримдик, ынтымагын бекемдеген!
Бараткан! Күн жолунун жарыгында,
Баатырдык – барактар бар тарыхында.

Кыргызстан көп улуттуу кең өлкөм,
Бирок менин өз журтумдун сүрү бар.
Көп улутту батыралган тең өлкөм,
Орусу бар, уйгуру бар, түркү бар.

Ушул ырга карата өз оюңарды жазып келгиле, же "Мен өлкөмдү өнүктүрүүгө кандай салымымды кошо алам?" деген темада эссе жазып келгиле.

***Эскертүү:*** *Жогорудагы сабактын болжолдуу сценарийин мугалимдер өз чыгармачылыктары жана материалдарына ылайык байытып өтө беришет.*

Сабакты даярдагандар:
Батыркулова А.Б., КББАнын филологиялык
билим берүү лабораториясынын башчысы,
Шабданова М.А., профессор А. Молдокулов атындагы
Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин
кыргыз тили жана адабияты мугалими


ТАРЫХ КЕЛЕЧЕКТИН КҮЗГҮСҮ
КЫРГЫЗДЫН УЛУУ ИНСАНДАРЫ


Улут болсом-тилим менен улутм
Мугалим: Жунусали кызы Айгүл
23-сентябрь Мамлекеттик тил майрамы


Улуттун айырмасын тилден алган,
Тилибиз бабалардан мурас калган.
Өз өлкөм ,өз тилим болгон үчүн
2:06
Кыргызым жашап келет байыртадан.

# Сабактын максаты:

- Окуучулардын өз эли-жерин, эне тилибиз – мамлекеттик тилди, ата-бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектөөсүүчүн түрдүү булактардан маалыматтарды алышат;
– Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттырууь менен атуулдук парзын аткарышат, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюп, эне тилин сүйүүгө, патриоттуулукка тарбияланышат;



Тил - улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт.Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил - кыргыз тили бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданият, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекетте, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, жыйындарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат. Мамлекеттик тил - бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алышуунун куралы


тармактарында, илимде, мамлекетте, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик тармактарында, жыйындарында, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулат.

Мамлекеттик тил - бул мамлекеттеги улуттардын ортосундагы

# Бүгүнкү күндүн тарыхына кайрылуу
# 23-СЕНТЯБРЬ




**1989-жылы** Кыргыз ССРинин Жогорку Советинде 1989-жылы 23-сентябрда "Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзам кабыл алынып, андан соң кыргыз тилине мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы КРнын Жогорку Кенешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили **мамлекеттик тил**, ал эми орус тили **расмий тил** деп жарыяланган.



Жаңы кыргыз тили төңкөрүштөн кийинки мезгилде биротоло калыптана баштады. Азыркы кыргыз тилинин 1928-жылдары реформаланган араб алфавитинин негизиндеги, 1927-1940-жылдары латын алфавитинин негизиндеги жазууда болгон. 35-жылы кыргыз тилинин ариптерин кириллицага өткөрүү боюнча катуу талкуу жүрүп, 1940-жылдан тартып кириллица жазуу системасы колдонулууда. Жазуу системаларынын өзгөрүүсү менен чогуу Кыргыз тилин орфография эрежелери да улам такталып келе жатат. Азыр колдонулуп кыргыз тилинин орфографиясынын соңку редакциясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2008-жылы 26-июнда кабыл алынган, № 567-токтому менен бекитилген.



Жаңы кыргыз тили төңкөрүштөн кийинки мезгилде биротоло калыптана баштады. Азыркы кыргыз тилинин 1928-жылдары реформаланган араб алфавитинин негизиндеги, 1927-1940-жылдары латын алфавитинин негизиндеги жазууда болгон. 35-жылы кыргыз тилинин арибтерин кириллицага өткөрүү боюнча кызуу талкуу жүрүп, 1940-жылдан тартып кириллица жазуу системасы колдонулууда. Жазуу системаларынын өзгөрүүсү менен чогуу Кыргыз тилин орфография эрежелери да улам такталып келе жатат. Азыр колдонулуп кыргыз тилинин орфографиясынын соңку редакциясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2008-жылы 26-июнда кабыл алынган, № 567-токтому менен бекитилген.

# Маалымат-куржун

23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү. Мындан туура 31 жыл мурун, тактап айтканда, 1989-жылы 23-сентябрда кыргыз тилине Мамлекеттик тил макамын берген.

Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили мамлекеттик тил, ал эми орус тили расмий тил деп жарыяланган.



# 23-сентябрь – Мамлекеттик тил күнү.



- Кыргыз тили - Кыргыз Республикасынын негизги калкынын, кыргыз улутунун тили.
- Эне тилди сүйүү ар бир атуулдун адамдык парзы, тагыраагы, эне тил - адамдын кан-жаны менен кошо бүткөн, боор эт менен тең, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык дөөлөтү, сыймыгы.



Кыргыз тили-кыргыздардын эне тили, түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирет.

Кыргыз тили 1924-1927-жылдары латын алфавитинин негизиндеги, 1927-1941-жылдары латын алфавитинин негизиндеги жазууда болгон.

1935-жылы кыргыз тилинин алфавитинин кириллицага өткөрүү боюнча талкуу жүрүп, 1941-жылдан тартып кириллица жазуу системасы колдонулууда .

# Касым Тыныстан уулу



- кыргыз тилинин тыбыштык тъзълъшън, грамматикалык курулушун (морфология менен синтаксисти) создук курамын иликтеп, атайын окуу китептерин басмадан чыгарган алгачкы автор, алгачкы окумуштуу болгон.


Улуттун жаны – Тил!
23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү!
9:17




NOTE 9
AD CAMERA




Кыргыз тили


КЫРГЫЗ ТИЛИ
1989-ЖЫЛЫ 23-
СЕНТЯБРДА
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ
МАКАМЫНА ЭЭ БОЛГОН


Кыргыз тили-кылымдарды баскан тил,
Кыргыз тили-көркөм дүйнө,дастан тил.
Кыргыз тили-бабам Манас жашаган,
Мезгилдеги зор тарыхты каткан тил.
Мамлекеттик тил - Кыргызстандын келечеги!


Мен кыргызмын!
Мен кыргызмын, кыргыз ырын ырдаган,
Мээрим төгөм, таза сүйлөйм, ыр жазам.
ӨНҮ_м менен чыгармалар жаратып,
Өз тилимде ырлар менен сырдашам!
Самара НАСЫРОВА
«Кыргыз Көчү»


ЧОЛПОН БАЙ


ЧОЛПОН БАЙ



# Ок чачкан пулемётко секирип... Чолпонбай Түлөбердиев тууралуу 7 факты



"Өзү өлсө да, баатыр өлбөйт. Эрдиги калат кылымга". Татар акыны Муса Жалилге таандык бул саптар баатыр Чолпонбай Түлөбердиевдин жашоосун, согуштагы эрдигин жана келечек муунга калтырган мурасын сүрөттөгөнсүйт.

**Чолпон жылдызынан коюлган ысым.**

Чолпонбай Түлөбердиев Талас облусундагы Киров районуна караштуу Чымкент кыштагында 1922-жылы 13-апрелде дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Белгилүү жазуучу Касымалы Жантөшев "Чолпонбай" аңгемесинде болочоктогу баатырдын жайлоодо таңга жуук жарык дүйнөгө келгендигин, Түлөберди атанын асмандагы жаркырап турган Чолпон жылдызын көрүп, наристесине ушул атты ыйгаргандыгын жазат. Ал 11 жашка чыкканда атасынан айрылат. Ошентип болочоктогу баатырдын апасы Сууракe төрт баласы менен жалгыз калат.

**Жумуштан качпаган мээнеткеч бала.**

Советтик режим жаңы гана курулуп, бүт өлкөнү оор заман коштоп турган кезде жетим калган үй-бүлөнүн башынан оор мезгилдер өтөт. Кичинекей Чолпонбай апасын кор кылбай багуу үчүн жаштайынан кара жумушка бышып, талаада чоңдор менен теңата иштеп, абдан мээнеткеч болуп чоңоёт. 1933-жылы мектеп босогосун аттаган жаш бала жети жыл билим алат. Сабактарына

бала жети жыл билим алат. Сабактарына жакшы көңүл буруп, окуусун татыктуу аяктаган соң колхоздо түрдүү жумуштарда иштей баштайт. Анын замандаштарынын айтымына караганда, Чолпонбай сымбаттуу, куулук-шумдугу жок жигит болгон.

**Согушка аттануу.** Калктын башына кара түн түшүп, 1941-жылы Улуу Ата Мекендик Согуш башталат. Мекенди коргоо үчүн кыргыз жигиттери майданга аттана баштайт. Чолпонбай Түлөбердиев да ошол эр-азаматтардын катарында 1941-жылы декабрь айында Кызыл Армиянын катарына кошулат. Ошентип 19 жашка толгон жигит кандуу казатка аттанат.

**Дөңсөөгө коюлган мүрзө.** Баатырдын сөөгү өзү эрдик менен курман болгон Селявный айылындагы дөңсөөгө коюлган. Аны менен бирге болгон жолдоштору жана командирлери мүрзөгө жыгачтан эстелик коюшуп, "Сага, кыргыз элинин баатырына, түбөлүк даңк! Элдин ишенимдүү уулу Түлөбердиев Ата Мекендин даңкына өзүнүн эрдиги менен өзүн жана элин өлбөс-өчпөс даңкка бөлөдү!" – деп сыя калем менен жазышкан. Ошондой эле анын чөнтөгүнөн гезиттен кыркып алынган М. И. Калининдин сөздөрү табылган. Анда "Өмүр – адам үчүн эң баалуу нерсе, бирок андан кымбаттуу нерсенин урматына өмүр курмандыкка кете турган учурлар да болот экен, ал эми өмүр – өз мамлекетин, улуттук көз карандысыз эместикти сактоо үчүн курмандыкка чалынат", – деп жазылган.

**Дзотту денеси менен тоскон баатыр.**

Чолпонбай Түлөбердиев баскынчылар менен болгон айыгышкан кармашта – Воронеж облусунун Лескинский районуна караштуу Селявный кыштагын бошотууда болуп көрбөгөндөй эрдик көрсөтөт. Согуш оту алоолонуп турган 1942-жылдын 6-августунда Түлөбердиев Воронеж фронтунун 6-армиясындагы 160-аткычтар дивизиясынын 636-аткычтар полкунун жоокери болчу. Ошол күнү полк Дон дарыясынын бир өйүзүн ээлеп турган. Ал эми дарыянын ары жагындагы Селявный кыштагы душмандын карамагында болчу. Фашисттер кыштактагы 120 метр бийиктиктеги дөңсөөгө тыгыз жайгашып, советтик аскерлерге каршы ок жаадырып, өткөрбөй турушкан. Ошол күнү жогору жактан айылды кандай гана болбосун ээлегиле деген буйрук келет. Аны аткаруу үчүн Чолпонбай он жоокер менен бирге душмандын уюгун көздөй жөнөйт. Советтик аскерлер сууну сүзүп өтүп, каршы жээкке чыгат. Бирок немистердин дөңсөөдө жайгашкан замбиректери тынбай ок чыгарып, алардын жолун торойт. Кыштакты ээлөөнүн жалгыз

**Келечек муунга калтырган мурасы.**

Чолпонбай Түлөбердиевге көрсөткөн эрдиги үчүн 1943-жылы 4-февралда "Советтер Союзунун Баатыры" деген наам берилген. Андан тышкары, "Кызыл Жылдыз" медалы, Ленин ордени ыйгарылган. Ошол эле учурда азыр баатыр төрөлгөн айыл анын атын алып жүрөт. Кичи мекенинде анын музейи жана окко төшүн тоскон жоокердин эстелиги турат. Андан сырткары, Воронеж облусундагы Селявный жана Киров айылдарында баатырдын эстеликтери орнотулган. Облуска караштуу Нововоронеж шаарындагы жана Селявный менен Давыдовка айылдарындагы мектептерге, Лиски шаарындагы көчөгө аты берилген.

сүзүп өтүп, каршы жээкке чыгат. Бирок немистердин дөңсөөдө жайгашкан замбиректери тынбай ок чыгарып, алардын жолун торойт. Кыштакты ээлөөнүн жалгыз жолу замбиректер жайгашкан дзотту жок кылуу эле. Ошондо жыйырмага жаңы толгон кыргыз жигити баарын өз колуна алат. Алгач курунан эки граната алып чыгып ок чачкан уюкка ыргытат. Жардыруудан улам замбиректер бир саамга тынчый түшөт. Чолпонбай аларга карай жүгүргөндө оң далысына ок жеп жыгылат. Бирок жарадар болгонуна карабай, бүт күчүн жумшап дзоттун оозун денеси менен басып жыгылат. Анын бул эрдиги душмандын ок атуусун аз убакытка болсо да токтотот. Бирок бул кызыл армиячылар үчүн жетиштүү эле. Алар чабуулга өтүп, дзотту жок кылып, кыштакты ээлешет.

Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Түлөбердиев мындан туура 97 жыл мурда жарык дүйнөгө келген. Анын Улуу Ата Мекендик согуш учурунда көрсөткөн эрдиги бүткүл Союздун ичинде легендага айланган. Биз баарыбыз билгендей, Чолпонбай ок чачкан дзотту көкүрөгү менен тосуп, баатырларча курман болгон. Sputnik Кыргызстан агенттиги кыргыз элинин эр жүрөк уулу тууралуу кызыктуу фактыларды окурмандарга сунуштайт.



# Өрт коопсуздугу





## Жаңы теманы түшүндүрүү.

Өрт - бул адамдын денесине, организмине зыян таасирин тийгизет. Өрттүн чыгышын ар түрдүү электр шаймандарынан келип чыгуучу коркунуч.

## Эсиңерде болсун!

Суу кол менен электр чырагын күйгүзбөө жана өчүрбө.

Колдо жасалган электро. плитаны, электро ысыткычтарды этияттап колдонуу.

Тез күйүүчү материалды колдонбо, мындан өрт чыгышы мүмкүн.

Электр чубалгысынан тартпай сайгычтын тулкусунан кармоо.

Бөлмөдөн чыгарда бардык электр приборлорун өчүрүүнү унутпоо.

Мектептин ичинде жана территориясында тамеки чегүүгө тыюу салынат.




# 101










1250
100
1400




ПГ

# Өрт коопсуздугунун эрежелери

- ✓ Электр приборлорун электр тармагына туташтыруу алдында электр чубалгысынын бузугу жоктугун текшерүү.
- ✓ Приборлорду электр тармагына кургак кол менен бириктирүү жана ажыратуу.
- ✓ Электр чубалгысынан тартпай сайгычтын тулкусунан кармоо.
- ✓ Туташтырылган электр приборун кароосуз калтырбоо.
- ✓ Иштеп бүткөндөн кийин электр приборун ажыратып коюу.
- ✓ Суу кол менен электр чырагын күйгүзбөө жана өчүрбөө.
- ✓ Чырак электр тармагына туташып турган кезде электр лампочкасын алмаштырбоо.
- ✓ Тез күйүүчү материалдарды колдонбоо, мындан өрт чыгышы мүмкүн.
- ✓ Колдо жасалган электро плитканы, электро ысыткычтарды колдонбоо.
- ✓ Бөлмөдөн чыгарда бардык электр приборлорун өчүрүүнү унутпоо.
- ✓ Мектептин ичинде жана территориясында тамеки чегүүгө тыюу салынат.

Сабактын темасы: Өрт коопсуздугу

1. Окуучулар өрт коопсуздугу боюнча маалымат алышат. Коопсуздукту сактоого үйрөнүшөт. Алган билимдерин турмушта пайдаланышат. Суроолорго жооп беришет.

2. Тема аркылуу кыялдануусу, элестетүүсү, кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эске сактоосу калыптанат.

3. Ынтымактуулукка, патриоттуулукка, бири-бирине жардамдашууга, бири-бирин сыйлап, уга билүүгө тарбияланышат.

Ал эми өрттү болдурбоонун эң маанилүү аспекти - ишке алардын астында ар бир кызматкердин өрт коопсуздугу жөнүндө билим үйрөнүү маалыматы берилиши керек. Бул маалымат бир жолу гана берилбестен кайра-кайра кайталанып, пландан тышкары жана максаттуу инструктаждар өтүлүп турушу зарыл.




Темебаев Абдукадыр. 4в класс.

Электр шаймандары




Абдыкадырова Акмарал 4в класс




4-в класс Жасмина

Тожоназаров Аминур 4-в класс өрт коопсуздугу.



Бакытбеков Бексултан 4-класс өрт коопсуздугу



# Тема: Чыңгыз Айтматов дүйнөсүнө саякат

Кыргыз тили жана адабияты мугалими

Жунусали кызы Айгүл

***Сабактын темасы:*** Ч. Айтматов адабияттын баба дыйканы. (саякат сабак).

***Сабактын максаты:*** *а*) Ч. Айтматовдун өмүр чыгармачылыгын билишет жана чыгармачылыгынын урунттуу учурлары менен тааныша алышат.

*б*) Ч. Айтматовдун чыгармаларын терең окуп, үйрөнүү менен жаңы табылгаларга ээ болушат.

**в)** Ч.Айтматовдун каармандары аркылуу балдардын жан дүйнөсүндө адамкерчиликти, аруулукту,тазалыкты сактап калууга үйрөнүшөт.

***Сабактын тиби:*** Саякат сабак ***Сабактын усулу***: Көркөмдүүлүк. ***Сабактын жабдылышы:*** Ч. Айтматовдун сүрөттөрү, китептери, буклеттер жана планщет, карточка. ***Сабактын жүрүшү***: ***а)*** Уюштуруу. ***б)*** Алтын эрежени кабыл алуу. *в)* Үйгө берилген тапшыраны суроо.Чыңгызга арналган ырларын айтып беришет.

***Мугалим:*** Балдар, коомдук турмушубуздун, искусствонун,сахнанын,экрандын,өз жылдыздары болот. Бул көрүнүш адабиятыбызга да таандык. Биз акындар поэзиясынын жылдызы катары Барпыны, Токтогулду мыкты таанысак, ал эми бүгүнкү күндө адабияттын асмандагы жаркыраган Чолпон жылдызы катары Чыңгыз Айтматовду жакшы билебиз.

Кыргыз элинин арасында "Төрөкулдун Чыңгызы, кыргызымдын жылдызы деген наамга тете болгон, кара сөздүн устасы, кыргызымдын туткасы, адабияттын баба дыйканы Чыңгыздын өлкөсүнө арую балалык сезим менен саякатка чыгабыз. Бүгүнкү сабагыбызга Айтматовдун каармандары да конокко келишкен.

Чыңгыз ким, Чолпону го кыргыздын, Жөпжөнөкөй бир уулу го кыргыздын. Чыгып жаткан чыгармаларын окусаң, Философдук ырлар жатат тымызын.

**Ч. Айтматовдун өмүр жолуна токтолуп кетели.**

***1- окуучу:*** Дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматов 1928-жылдын 12-декабрында Талас өрөөнүндөгү Шекер айылында туулган. Атасы Төрөкул Айтматов көрүнүктүү партиялык кызматкер болгон. Сталиндик режим учурунда репрессияга учурап атылып кеткен. Анын сөөгү 1990- жылы табылып ошол эле Ата – Бейитке көмүлгөн. Чыңгыз Айтматов орус, кыргыз мектептерде окуган. Айтматовдун адабиятка болгон шыгы эрте ойгонгон. Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов 2008- жылы 10-июнда дүйнөдөн кайтты. ***Мугалим:*** Улуу жазуучубузга таазим кылып жаттап келген ырларыңарга көңүл буралы. ***2-окуучу:*** Өзгөчө катардагы кыргыз кетти, Кыргыздын чыгаан уулу Чыңгыз кетти. Ааламга кыргыз нурун чачып турган, Асмандан орду толус жылдыз кетти.

***3-окуучу:*** Кыргызымдын маңдайынан жарык кетти, Жазылбай дагы улам тарых кетти. Жазганга үлгүрө албай жанган жылдыз, Көп нерсе жарык көрбөй карып кетти.

***4- окуучу:*** Опол тоодой эмгектерди жаратып, Өлбөс-өчпөс мурастарды калтырып. Чыгармачылыгы гүлдөп турган учурда, Арабыздан кете берди Чыңгыз ата аттанып.

***5-окуучу***: Чыңгыз ата өттү деген кабар угулганда, Чыдай албай солк этти жер шаары да. Аттиң арман, улуу адамдан айрылып, Кала берди калың элим кайгыда.

***6-окуучу***: Өтсөң дагы элесиң эл көзүндө, Эмгектериң элибиздин жүрөгүндө. Сакталып жашай берет түбөлүккө, Кылымдардын көчүн улап дүйнөдө.

***7-окуучу***: Даңазалап, даңктап келдиң элиңди, Көкөлөтүп, көтөрдүң эне тилиңди. Адамдыкты, өлбөстүктү даңктап жазып, Дүйнөгө өлбөс-өчпөс из калтырдың.

***8-окуучу:*** Чыгармаңыз бир-бирине байланышып, "Ак кеме","Бетме-бет" дүйнөдөгү. Которулган ар түрдүү элинде, Орусча жана түрк тилдеринде.

***9-окуучу*** Чыңгыз өттү, Чыңгыз өттү дүйнөдөн, Эл калбады Чыңгыз үчүн күйбөгөн. Чындыгында бүт жаштардын ааламдын, Чыгармасында келечекке үндөгөн.

***10-окуучу:*** Баары ыйлашты Манас эми өлгөндөй, Манас менен сизди кошо көмгөндөй. Аалам турду жымжырттыкка суз болуп, Чыгармачыл кыяматты көргөндөй.

***11-окуучу***: Ишенишпейт окурмандар азыр да, Кантип эле Айтматов жок ааламда. Күн да болуп. Ай да болуп асманда, Жаркыраган рухун бизге чачаарда.

*12-окуучу:* Чыңгыз атам кыргыздардан чыкканбы........ Чыңгыз атын дүйнө эли укканбы.... Окуп көрүп ар бир жазган китебин, Айтматовго дүйнө эли суктанды.

*13-окуучу:* Чолпон жылдыз чыккан сайын элестеп, Күтөбүз биз бир күнү сизди келет деп. Саманчынын жолун сепкен өңдөнүп, Майлуу- сүттүү берекесин берет деп.

*14-окуучу:* Чыгармасы көп тилдерде сүйлөгөн, Адамдыкка, адилетке үндөгөн. Христиан, будда жана мусулман, Айтматовду кимдер гана сүйбөгөн.

*15-окуучу:* Ага классик деген сөздөр жарашты, Ысмы догы Шекспирге жанашты. Кыргыз эмес, бүткүл дүйнө ичинде, Айтматовдой кимдер образ жаратты.

*16-окуучу:* Адабият айдыңындай кай жылдыз, Болсо болор, болбосо жок бир жылдыз. Ааламында жаркыраган, жайнаган, Айтматовдун чыгармасы бүт жылдыз.

*Мугалим:* Кана эмесе окуучулар Чыңгыз Айтматов менен Жер Эненин эскерүү маегине көңүл бургулы.

*Жер- Эне-* Эсиңдеби Чыңгыз биринчи жолу жарык көргөн китебиң. Сен аябай кубанып, териңе батпай сүйүнгөнүң. Кийин канчалаган китептериң жарык көрдү. Мага баарынан да мен жөнүндө жазганың жакты. ***Чыңгыз-*** Ооба,азыр да эсимде. Согуш жөнүндө бир топ чыгармаларды жараттым. Ошолордун ичинен “Саманчынын жолу” өтө маанилүү, маңыздуу, таасирдүү чыккан.

*Толгонай-* Турмуштун далай сыноосун, бел байлап, чыдап көтөрдүм. Сырымды төгүп дайыма, Жер Эне менен сүйлөштүм. Кан төккөн согуш какшатты, тоодой азап тарттырды. Жан кубатым Субанкулдан, ажыратып ыйлатты. Чолпондой үч уулумдан, айрылып дагы сыздадым. Наалат айтып согушка, белимди бекем байладым.

Мындан ары дүйнөдө, согуш деген болбосун. Мен сыяктуу зар какшап, боздогон эне болбосун. Төгүлбөсүн жазыксыз адам каны, акпасынчы энелердин көз жашы. Эй адамзат биримдикке келгиле, чыр- чатакты акыл менен чечкиле.

**Чыңгыз-** Оо кутмандуу Жер Энем, “Бетме- Бет” чыгармамды жазганым эсиңдеби.

**Жер-Эне-**Ооба эсимде айрыкча Ысмайыл менен Сейденин беттешүүсү эстен кетпейт.

**Сейде-** Кан күйгөн согуш жылдары, сынады улуу апат адамдарды. Ошондой кыйын күндөрдө, билинет экен адамдын адамдыгы. А дегенде Ысмайылды, аялдык мээрим менен, Жашырып багып жүрдүм, эч кимге билдирбестен.

Ысмайылдын качкындыгын, адамдык сапаттан айрылганын. Билдим эми анын кандай экенин,канкор экен, коргобогон мекенин. Ысмайылдын айбанчылык жоругу,бүлүк салып, жан дүйнөмдү ойготту. Акыры анын жүзүн ачып бердим, беттетип бет пардасын сыйрып бердим.

**Ысмайыл-** Башымды калкалап, согуштан качып келдим, Элимди ойлобостон, өзүмдү ойлоп келдим. Турмуштун сыноосун, жеңбедим адамча. Мекенимди душмандан, коргой албадым баатырларча. Качып мен согуштан, жашадым үңкүрдө. Ач карышкырларча кол салдым, кошунамдын мүлкүнө.

**Жер- Эне-** Тиги кызды таанып турасыңбы.......Алтынай эмеспи.....

**Чыңгыз-** Таанытбай анан, бул Жамила эмеспи!

**Жер-Эне-** Дал өзү, адашкан жоксун!

**Жамила-** Капаска түшкөн куш сымал,азапка түштү жан дүнөм. Турмуштан издеп бактымды,жаңыча таштадым кадамды. Чечкиндүүлүк адамдагы, улуу сапат билгенге. Ушул сапат мендеги, тоскоолдуктарды бут жеңди.

Тагдырдан мен издедим,таалайымды, бактымды. Жашоого мен эңсеп келдим,жаңыча, эркин жашашты. Эңсеп-эңсеп издедим өз бактымды,тагдыр мага жолуктурду Даниярды. Кол кармашып экөөбүз түбөлүккө, бирге бастык татаал турмуш көчүндө.

**Данияр-** Жамила менин бактым.Жамила аткан таңым. Өмүрдөгү жарык шамым, ардактаган сүйгөн жарым. Түбөлүк кол кармашып, сен менен бирге бастым. Анткени Жамила! сен, Жүрөгүмдү ээлеп алдың.

Жүрөгүм менин дайым, Жамила! сен деп согот. Жамила сенин таза, сүйүүң арналды мага. Азапка алдырбайбыз, артка эми кайрылбайбыз. Жашоодо дайым алга, өмүрлөш сапарлашпыз.

**Жер- Эне-** Оо улуу жазуучум “Кызыл жоолук жалжалым” же “Делбирим”деген чыгармам эсиңдеби.....

**Чыңгыз-** Эсимде, бул менин чыгармачылыкка баш отум менен кирген убагым.

**Асел-** Өз бактым үчүн күрөшүп, аттандым турмуш сапарга. Бакытка балкып а дегенде,бейкапар, таттуу жашадым. Арадан өттү жылдар, бактым учту куштай. Жүрөгүм муңга толду,көңүлүм кусаа болду.

Буга ким кунөлүү,күн сайын ойлой берем. Эч качан, эч ким мен сыяктуу, жаңылып адашпаса экен. Эч ким мен сыяктуу, багынан айрылбаса экен. Айтарым мага окшоп, жашоодо жаңылбаса экен.

**Иляз -** Адашып аттиң ай,бактымдан айрылдым. Көңүлүм бөксөрүп, арылбайт арманым. Жаңылган бактым,кайрылып келсе экен. Шам болуп жанымда, жаркылдап турса экен.

Беш күндүк бул дүйнөдө, эч ким, эч качан жаңылбаса экен. Каңгырап мен сыяктуу, капага кайрылбаса экен. Адамзат жашоодо,адашып жаңылбаса экен. Өз бактысынан айрылып, кусалыкка чалдыкпаса экен.

**Жер –Эне-** Эсиңдеби Чыңгыз “Биринчи мугалимди”жазганың.

**Чыңгыз-** Ооба, Жер- Эне! Бул чыгармамдагы Дүйшөндүн образы, өзүмдө да чоң таасир тийгизген.

**Дүйшөн-** Эң алгачкы мектепти ачып айылда, билим бердим талыкпастан балдарга, Ак дилимден, ак эмгегим жасадым, мен адамдык милдетимди аткардым. Жолумда канчалаган тоскоолдуктар болду,бай-манаптар шылдыңдап кордошту. Бирок асыл максатымдан тайбадым,ак эмгегимди эл журтума арнадым.

Келечегин балдардын, ойлоп иштти баштадым. Канча тоскоол болсо да, алгач мектеп ачканмын. Эмгегимди эл билсин, эскерип дайым жүрүшсүн. Канча жылдар өтсө да, өрнөк болсун эмгегим адамзатка.

**Алтынай-** Бул жалган жашоодо, арманым көп болду. Жетимдик караңгылык,жолумду тороду. Ошондой кыйналган учурда, билимди мен самап турганда. Дүйшөндөй акылман бактыма,шам болуп жагылды, турмушта. Жөлөк болуп Дүйшөндөй улуу инсан, билим алдым Москвадай чоң шаардан. Билимдүү болуп элге арнадым эмгегим, бирок унутпаймын Дүйшөндүн ак эмгегин.

**Чыңгыз-** Күн да кечтеп калды. Эми кайталы, эртең кайра келербиз.

**Жер- Эне-** Ооба, эртеңда да, келечекте да сенин чыгармаларың аркылуу биз дайыма элдин арасында болобуз.Элибиз сени эч качан унутпайт,жыл өткөн сайын кадыр- баркың аша бермекчи, себеби,сен өз окурмандарыңдын жүрөгүндө өз өлкөңдү-Чыңгызстан өлкөсүн түптөп кетпедиңби.

**Окуучу:** Чындыгында Чыңгыз талант кыргызда, Чыгармасы чыгып жетти жылдызга. Кайда барсаң атын атап баркташат, Бешиги бар, үйү да бар кыргызда.

Ким билбейт улуу Чыңгызды, тааныткан көпкө кыргызды. Дүңгүрөтүп дүйнөнү, Таластан жанган жылдызды. Ааламдан кеткен учурда, Ала-Тоо турду түнөрүп. Жомокко аты айланып, ал жашай берет түбөлүк.

***Мугалим:* “ Мээге чабуул” жасап алалы. Суроолор.** 1- Чыңгыз “Кыргыз эл баатыры” деген ардактуу наамды качан алган.. 1997-жыл.

2- Чыңгыздын чыгармаларындагы айбанаттардын аттары. “Ак кеме”повестиндеги -Бугу Эне. “Гүлсарат” повестиндеги -Гүлсары.”Кыямат”романындагы Акбара, Ташчайнар.

3- Чыңгыздын аты канчанчы жылы кайсы театрга коюлган...... 2008-жылы Бишкек шаарындагы орус драм театрына коюлган.

4- Чыңгыздын кайсы драмасы бар..... “Фудзиамадагы кадыр түн”

**Мугалим: Чыңгыз деген сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүү**

Чыңгыз- 6-тамга, 6-тыбыш, 2-муун, 2-жабык муун. Ч- үнсүз, уччул, каткалаң, түгөйсүз. Ы- үндүү, жоон, эринсиз, кууш, кыска. Ң- үнсүз, түпчүл,мурунчул, уяң, жумшак, түгөйсүз. Г- үнсүз, түпчүл. жылчыкчыл, жумшак, түгөйлүү. Ы- үндүү, жоон, эринсиз, кууш, кыска. З- үнсүз, уччул, жылчыкчыл, жумшак, түгөйлүү.

**Мугалим: Синквейин түзүү**. Зат атооч: Чыңгыз Айтматов. Сын атооч: улуу, жөнөкөй. Этиш: жазат, ойлонот, эмгектенет. Синоним: жазуучу. Сүйлөм түзүү: Чыңгыз Айтматов кайталангыс талант.

Мугалим: КРОССВОРД толтурабыз: 1"Биринчи мугалим" повестиндеги атактуу академик болгон кыз. 2. Сүйүү жөнүндөгү "эң сонун баян" деп кайсы чыгарма айтылат. 3. "Саманчынын жолу" повестиндеги 3 баласынан, күйөөсүнөн, келининен ажыраган аял ким.......... 4. Чыңгыздын апасынын аты. 5. Ал атадан калган жалгыз туяк экенин биле элек бала. 6. Өз энесине жаа аткан, Найман эненин баласын ким деп атайбыз........ 7. "Ак кеме" киносундагы терс каарман. 8. 12- декабрда Ч. Айтматов жарык дүйнөгө келсе, кайсы атактуу акын 35 жаш курагында дүйнөдөн кайткан....

| | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | А | Л | Т | Ы | Н | А | Й | |
| | | Ж | А | М | И | Й | Л | А | | | | | |
| | | | | | | Т | О | Л | Г | А | Н | А | Й |
| | | Н | А | Г | И | М | А | | | | | | |
| | | | | | | А | В | А | Л | Б | Е | К | |
| М | А | Ң | К | У | Р | Т | | | | | | | |
| | | | | | | О | Р | О | З | К | У | Л | |
| О | С | М | О | Н | О | В | | | | | | | |

*Сабакты бышыктоо:* Кыргызымдын Чыңгызы, кылымдардын жылдызы болгон улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматов чыгармалары менен дүйнө элине таанылды. Анын чыгармалары 60 мллион нускада чыгып, 170тен ашык тилде которулду. Мындай жазуучу кылымда бир келер кубулуш.

Улуу жазуучубуздун чыгармаларын сүйүп окуп,жан дүйнөңөргө чоң таасир алып, урматтап жүргүлө. Ала-Тоодон ааламга үн салган улуу жазуучубуз ар дайым биз менен жана биздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн орун алат. Чыңгыз Айтматовдун кудурети күчтүү руху эл арасында нур чачып, Ата Журт менен ааламдын алкагында жүрө берет.

Анын экинчи өмүрү болгон чыгармалары да дүйнөнү дүңгүрөтүп. Аалам аралап жашай берет.

Кымбаттуу окуучулар! Ар дайым адамдык асыл сапаттарга ээ болуп, өз өлкөңөрдүн баркын билип , намыстуу, кайраттуу, эмгекчил болгула!

Саякат сабагыбызга жигердүү катышып бергениңер үчүн чоң ыоахмат!

*Үйгө тапшырма берүү*: Каармандардын сүрөтүн тартып келүү жана Ч. Айтматов боюнча эссе жазуу.

*Баалоо*: Окуучулар каармандарды аткарган жөндөмдүүлүгүнө,ырларды көркөм айтууларына карата бааланат.


БИРИНЧИ МУГАЛИМ
ПЕРВЫЙ УЧИТЕЛЬ
10 СОМ


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
2018


ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ - 90 ЖЫЛ
20
СОМ
CHINGIZ AITMATOV - 90 YEARS

**Манас жана Чыngгыз Айтматов кыргыздын эки канаты**

Ар бир кыргыз инсаны үчүн Манас дагы, Чыңгыз дагы улуу сабак боло алат тарыхта







Төрөкул Айтматовдун
эстелиги




**Биринчи мугалим Дүйшөнгө коюлуучу эстеликтин орду**





Кыямат
Плаха

Девишева Н.И.




Саманчынын жолу
Материнское поле

Егорова И.Г.

жаныл


Ч.АЙТМАТОВ: БУГУ ЭНЕ


ЧЫНГЫЗ
АЙТМАТОВ


5 Б



**Жамийла**
**Джамиля**

**Кеңешбек кызы**
**Жаңыл**


Адамга эң кыйыны- күн сайын адам болуу
9.12.2022- Ж
Чыңгыз Айтматов дүйнөсүнө саякат.
Алтын эреже:
Айыпка жыгуу
NOTE 9
AD CAMERA


9.12.2022 ж.
Чыңгыз Айтматов дүйнөсүнө саякат.
LONDON


NOTE 9
D CAMERA


9.12.2022-ж.
Айтматов дүйнөсүнө саякат.


Адамга эң кыйыны- күн сайын адам болуу
Ч.Айтматов
9.12. 2022- ж
Чыңгыз Айтматов дүйнөсүнө саякат.